*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2026, №4, бб. 88-96
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.4.10
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 37.014.3(575.2)

# Кыргызстанда 12 жылдык мектеп модели: илимий негиздери, мүмкүнчүлүктөр жана тобокелдиктер

**Самарбекова Мээрим Жаныбековна**
*магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан,* merisamarbekova@gmail.com

**Аннотация**
Бул илимий макалада Кыргыз Республикасындагы мектептик билим берүү моделин модернизациялоонун заманбап маселелери, тагыраак айтканда, салттуу 11 жылдык түзүмдөн эл аралык стандарттарга шайкеш келген 12 жылдык билим берүү моделине өтүү жараяны талдоого алынат. Макалада бул реформанын тарыхый-педагогикалык өбөлгөлөрү, укуктук-нормативдик базасы жана илимий негиздери изилденет. Компетенттүүлүк мамиле, STEM багыты жана эл аралык интеграция боюнча жаңы тутум сунуштаган мүмкүнчүлүктөр менен бирге, инфраструктуралык тартыштык, кадрдык даярсыздык жана коомдук-социалдык кооптонуулар сыяктуу системалык тобокелдиктер калыс, илимий таразага салынат. Изилдөөнүн жыйынтыгында реформанын сапатын камсыз кылууга багытталган илимий-педагогикалык сунуштар иштелип чыккан.

**Ачкыч сөздөр:** мектеп реформасы, 12 жылдык билим берүү, компетенттүүлүк мамиле, STEM, ISCED, педагогикалык тобокелдиктер

**Шилтеме үчүн:** Самарбекова М.Ж. (2026). Кыргызстанда 12 жылдык мектеп модели: илимий негиздери, мүмкүнчүлүктөр жана тобокелдиктер. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, №4, бб. 88-96. doi: 10.65469/eijournal.2026.4.10

## Киришүү

XXI кылымдын глобалдык маалымат коому жана илимий-техникалык прогресстин тездик менен өнүгүшү дүйнө жүзүндөгү билим берүү тутумдарынан салттуу усулдардан баш тартып, ийкемдүү, жаратман жана атаандаштыкка жөндөмдүү жаңы моделдерге өтүүнү талап кылууда. Өзүнүн суверендүүлүк тарыхында бир нече мазмундук жана түзүмдүк реформаларды баштан кечирген Кыргыз Республикасы бүгүнкү күндө билим берүү тармагындагы эң масштабдуу жана чечүүчү тарыхый бурулуштун алдында турат. Бул – өлкөнүн жалпы орто билим берүү тутумун 12 жылдык окутуу моделине көчүрүү реформасы болуп саналат.

Бул реформа жөн гана мектепте окуу мөөнөтүн дагы бир жылга механикалык түрдө узартуу эмес. Бул – совет доорунан бери сакталып келген, кургак фактыларды жаттоого негизделген билим берүү философиясын толугу менен өзгөртүп, баланы XXI кылымдын

© The Author(s) 2026.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

компетенттүүлүктөрүнө, практикалык көндүмдөрүнө багыттоочу улуттук модернизациялык долбоор. Ушундан улам, жаңы моделдин илимий-педагогикалык негиздерин терең изилдөө, анын өлкө үчүн ача турган мүмкүнчүлүктөрүн жана реалдуу турмушта кездешүүчү системалык тобокелдиктерин калыс илимий таразага салуу бүгүнкү күндүн эң курч жана актуалдуу маселеси болуп саналат [10, 11].

## Маселенин изилдениши

Кыргызстанда мектептик билим берүүнүн түзүмү тарыхый доорлордун саясий жана экономикалык талаптарына ылайык туруктуу түрдө өзгөрүп келген. XX кылымдын биринчи жарымында советтик билим берүү моделинин калыптанышы калктын сабатсыздыгын массалык түрдө жоюуга багытталса, 1930–1950-жылдары милдеттүү башталгыч жана жети жылдык, ал эми 1970-жылдары жалпыга бирдей толук орто (10 жылдык) билим берүү тутуму түзүлгөн. Белгилүү тарыхчы-педагог, академик А.К. Каниметов өзүнүн фундаменталдык эмгегинде көрсөткөндөй, советтик мектеп өз убагында өлкөнү индустриалдаштыруу үчүн кубаттуу база болуп кызмат кылганы менен, XX кылымдын аягында ашыкча идеологиялаштыруу жана катуу борборлоштуруунун айынан ички тутумдук кризиске кептелген [3, с. 142].

1991-жылы эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин, Кыргызстан советтик бир калыптуу түзүмдөн баш тартып, көп түрдүү (вариативдүү) мектептердин (лицей, гимназия, автордук мектептер) тармагын түптөгөн. Профессор Н.А. Асипова белгилегендей, 1990-2005-жылдардагы реформалар билим берүүнү деидеологизациялоого жана улуттук баалуулуктарга багыттоого укуктук негиз түзгөн [1, с. 98]. XXI кылымдын башынан тартып, өзгөчө пандемиялык сыноолордон кийин, мектептерди санариптештирүү жана инновациялык моделдерди (БББМС, электрондук күндөлүктөр) киргизүү процесси тездеген.

Бирок, бул жетишкендиктерге карабастан, өлкөдөгү 11 жылдык мектеп түзүмү дүйнөлүк билим берүү стандарттарынан обочолонуп калуу коркунучун жараткан. Билим берүүнүн эл аралык стандарттык классификациясы (ISCED – ЮНЕСКО) боюнча дүйнө өлкөлөрүнүн басымдуу бөлүгү 12 жылдык мектеп тутумунда иштешет. Ата-мекендик илимий чөйрөдө, өзгөчө профессор У.Э. Мамбетакуновдун соңку изилдөөлөрүндө, 11 жылдык моделди сактап калуу кыргызстандык жаштардын эл аралык деңгээлде атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана билим берүү документтеринин чет өлкөлөрдө түз таанылышын татаалдантып жаткандыгы далилденген [6, с. 42]. Бул тарыхый жана методологиялык өбөлгөлөр өлкөнүн 12 жылдык билим берүү моделине өтүүсү боюнча расмий реформанын башталышына негиз болгон.

## Изилдөөнүн усулдары

Бул илимий изилдөөнүн методологиялык негизин тарыхый-салыштырмалуулук, системалык-структуралык талдоо, курактык психологиянын принциптери жана педагогикалык моделдөө усулдары түзөт. Кыргызстандагы мектептик билим берүүнү 12 жылдык түзүмгө көчүрүү реформасынын илимий-педагогикалык негиздерин аныктоо үчүн төмөнкүдөй материалдар жана изилдөө багыттары комплекстүү түрдө колдонулду:

1. Укуктук-нормативдик анализ: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий токтомдору, Агартуу министрлигинин буйруктары жана 12 жылдык жалпы орто билим берүүгө өтүүнүн Концепциясы (2024-ж.) укуктук жана мазмундук трансформациянын негизги булагы катары талдоого алынды.

2. Компаративдик (салыштырмалуу) педагогикалык усул: Кыргызстандын учурдагы 11 жылдык билим берүү түзүмү ЮНЕСКО тарабынан кабыл алынган Билим берүүнүн эл аралык стандарттык классификациясынын (ISCED) ченемдери жана дүйнөлүк алдыңкы өлкөлөрдүн 12 жылдык мектеп моделдери менен салыштырылды.

3. Психологиялык-педагогикалык экспертиза: 6 жашар балдардын когнитивдик, физиологиялык жана социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрү, алардын салттуу мектеп режимине ыңгайлашуу (адаптация) мүмкүнчүлүктөрү ата-мекендик жана чет өлкөлүк курактык психологиянын теоретиктеринин эмгектеринин негизинде таразаланды.

Изилдөөнүн эмпирикалык базасы катары Кыргыз билим берүү академиясынын (КБА) жана бир катар университеттердин акыркы илимий-методикалык басылмаларындагы статистикалык маалыматтар, пилоттук мектептердин баштапкы тажрыйбалары колдонулду.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары**

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги тарабынан расмий бекитилген Концепцияга ылайык, 12 жылдык мектеп моделине өтүү – бул жогорку класстарга кошумча бир жыл кошуу дегенди билдирбейт. Реформанын негизги илимий-педагогикалык маңызы – баланы мектепке 1 жыл эрте, тактап айтканда 6 жаштан баштап кабыл алуу жана мурдагы мектепке чейинки даярдык программаларын толугу менен мектеп тутумуна интеграциялоо болуп саналат [4, с. 4].

Бул түзүмдүк жаңылануунун натыйжасында өлкөнүн мектеп тутуму төмөнкүдөй үч баскычка бөлүнөт:

- Башталгыч билим берүү (1–4-класстар): Мында 6 жашар балдар расмий түрдө 1-класстын окуучусу катары мектеп босогосун атташат. Мурдагы 11 жылдык тутумдагы «Наристе» (480 сааттык мектепке чейинки даярдык) программасы толугу менен башталгыч мектептин ичине сиңирилет.
- Негизги билим берүү (5–9-класстар): Окуучулардын өспүрүм курагындагы негизги фундаменталдык илимдерди өздөштүрүү деңгээли.
- Жалпы орто билим берүү (10–12-класстар): Бул баскычта жогорку класстын окуучулары үчүн билим берүүнү тереңдетилген профилдик багыттарга уюштуруу мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Тарыхый маалыматтар жана расмий маалымдамалар көрсөткөндөй, Кыргызстанда XX кылымдын экинчи жарымында түзүлгөн 11 жылдык билим берүү модели өз убагында катуу борборлоштурулган, өндүрүштүк-пландуу экономиканын талаптарына ылайыкташкан. Ал эми 12 жылдык жаңы модель – билим берүүнүн мазмунун компетенттүүлүк негизге өткөрүүнү көздөйт. Бул, окуучуга бир гана даяр илимий фактыларды жаттатып, теориялык билим берүү эмес. Анын алган билимин XXI кылымдын өзгөрүлмөлүү турмушунда, күнүмдүк практикада,

эмгек рыногунда туура жана натыйжалуу колдоно билүү жөндөмүн (функционалдык сабаттуулугун) калыптандыруу болуп саналат [6, с. 43].

Окуу пландарын реформалоонун илимий алкагында мурдагы 11 жылдык интенсивдүү программанын жүгү 12 жылга ийкемдүү бөлүштүрүлүп, окуучулардын апталык жана күнүмдүк окуу сааттары (жүктөмдөрү) кескин азайтылат. Бул балдардын ден соолугуна жана психологиялык абалына терс таасирин тийгизген ашыкча чарчоону болтурбоонун негизги дидактикалык механизми болуп калмакчы.

**Жыйынтыктарды талкуулоо**

Кыргызстандын мектеп тутумун 12 жылдык түзүмгө көчүрүү боюнча алынган илимий натыйжалар көрсөткөндөй, бул реформа өлкөнүн билим берүү мейкиндигин заманбап эл аралык талаптарга шайкеш келтирүү жана окутуунун сапатын көтөрүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Борборлоштурулган советтик билим берүү модели кургак теориялык билимдерди берүү менен чектелип калган. Ал эми 12 жылдык заманбап тутум окуучунун инсандык өзгөчөлүгүн өнүктүрүүгө жана функционалдык сабаттуулугун калыптандырууга багытталат [4, с. 14].

Изилдөөнүн алкагында жаңы модель сунуштаган негизги мүмкүнчүлүктөр төмөнкүдөй структуралык багыттарда талдоого алынды:

1. STEM (Science, Technology, Engineering, Math) багытына артыкчылык берүү: Заманбап өндүрүштүн жана эмгек рыногунун талаптары так жана табигый илимдерди терең өздөштүргөн адистерди талап кылат. 12 жылдык окуу пландарынын илимий негизи мектептерде STEM предметтеринин (робототехника, программалоо, моделдөө, экология жана био-технологиялар) үлүшүн кескин көбөйтүүгө мүмкүндүк берет. Бул окуучуларга дүйнөлүк илимий-техникалык прогресстин тилин эрте жаштан түшүнүүгө шарт түзөт [5, с. 15].

2. Жогорку баскычты (10–12-класстарды) профилдештирүү куралы: Студенттердин ЖОЖдорго кирүүдөгү кыйынчылыктарын талдоо көрсөткөндөй, 11 жылдык мектепте окуучулар өздөрүнүн келечектеги кесибине тиешеси жок сабактарды да бирдей деңгээлде окууга мажбур болушкан. 12 жылдык моделде жогорку класстар профилдештирилет (мисалы: гуманитардык, табигый-илимий, технологиялык багыттар). Окуучулар өздөрү тандаган профилдик предметтерди тереңдетип окуп, келечектеги кесибине эрте жаштан, системалуу даярдануу мүмкүнчүлүгүн алышат [1, с. 16].

3. Алгачкы жумушчу кесипке ээ болуу (Социалдык коргоо): Реформанын маанилүү уюштуруучулук мүмкүнчүлүгү – 12-класстын бүтүрүүчүлөрү аттестат менен биргеликте эмгек рыногунда дароо иштеп кетүүгө укук берүүчү алгачкы кесиптик сертификаттарды (мисалы, IT-сервистери, дизайн, техникалык котормочулук, кол өнөрчүлүк ж.б.) кошо ала алышат. Бул мектепти бүтүп, ЖОЖго кирбей калган жаштардын жумушсуз калуу тобокелдигин алдын алган кубаттуу социалдык-экономикалык механизм болуп саналат.

Бул реформанын мамлекеттик деңгээлдеги эң башкы маданий жана глобалдык мүмкүнчүлүгү – кыргызстандык жаштардын эл аралык билим берүү мейкиндигиндеги укуктук теңчилигин камсыз кылуу болуп саналат.

Мурдагы 11 жылдык постсоветтик түзүмдүн айынан кыргызстандык мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн аттестаттары Европанын, АКШнын жана Азиянын алдыңкы университеттеринде түз таанылган эмес [6, с. 45]. Башкача айтканда, батыштын билим берүү стандарттары (ISCED) 12 жылдык мектеп базасын талап кылат. Биздин мектеп бүтүрүүчүлөрү чет өлкөгө барганда кошумча 1-2 жыл кымбат баалуу даярдоо курстарында (*Foundation* же *Studienkolleg*) окууга мажбур болушкан.

12 жылдык жаңы улуттук модель бул тилдик жана укуктук тоскоолдукту толук жоет. Биздин бүтүрүүчүлөрдүн аттестаттары дүйнөлүк стандарттарга шайкеш келип, алардын эл аралык деңгээлде атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү кескин жогорулайт. Ошондой эле, бул кадам Кыргызстандын эл аралык билим берүү рейтингдерине (мисалы, PISA — *Programme for International Student Assessment*) ийгиликтүү катышып, өлкөдөгү билим берүүнүн реалдуу сапатын дүйнөлүк баалоо куралдары менен өлчөөгө методологиялык жол ачат [6, с. 46].

Кыргызстанда жалпы орто билим берүү тутумун 12 жылдык моделге көчүрүү реформасы кеңири мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт. Бирок, аны практика жүзүндө ишке ашырууда олуттуу илимий-педагогикалык, каржылык жана структуралык тобокелдиктер да бар экендигин эксперттер ачык белгилеп келишет. Бул тобокелдиктер өз убагында чечилбесе, реформа билимдин сапатын көтөрбөстөн, тескерисинче, тутумдук кризисти тереңдетиши мүмкүн.

Бул багыттагы эң негизги системалык тобокелдиктерге төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

1. Инфраструктуралык маселе жана окуу орундарынын жетишсиздиги: 6 жашар балдардын (болжолу менен жыл сайын 130-150 миң бала) массалык түрдө мектеп босогосун атташы учурдагы инфраструктурага эң чоң сокку болуп саналат. Ири шаарларда (Бишкек, Ош) жана калк жыш жайгашкан Чүй, Жалал-Абад облустарында айрым мектептер ансыз да 3 нөөмөттө иштеп, класстарда окуучулардын саны 40-45ке жетет. Жаңы класстарды ачуу үчүн кошумча мектеп имараттарынын, эмеректердин жана атайын ойноочу аймактардын (6 жашар балдар үчүн курактык нормалар боюнча) курч жетишсиздиги реформанын башкы техникалык тобокелдиги болот [4, с. 24].

2. Педагогикалык адистердин курактык психологияга даярсыздыгы: 6 жашар баланын физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү 7 же 8 жашар баладан кескин айырмаланат. Башталгыч класстардын мугалимдеринин басымдуу бөлүгү классикалык 11 жылдык тутумдун методикасы менен иштөөгө көнүшкөн. Аларды кыска мөөнөттүн ичинде 6 жашар балдардын улуттук курактык психологиясына ылайык, оюн усулдары (геймификация) аркылуу стресссиз окутууга кайра даярдоо зарыл. Бул абдан узак жана методологиялык жактан татаал жараян. Адистердин бул даярсыздыгы кичинекей балдардын окууга болгон кызыгуусун эрте жаштан өчүрүп коюу коркунучун жаратат [6, с. 46].

3. Жаңы муундагы окуу китептеринин жана методикалык колдонмолордун тартыштыгы: 12 жылдык мектеп модели үчүн таптакыр жаңы окуу пландары жана предметтик стандарттар талап кылынат. Мурдагы 11 жылдык китептерди механикалык түрдө колдонууга мүмкүн эмес. Өлкөдө кыргыз тилинде заманбап компетенттүүлүк негизде жазылган, улуттук баалуулуктарды камтыган сапаттуу окуу китептерин кыска мөөнөттө даярдоо зарыл. Бул маселе каржылык жана автордук жактан ири тобокелдик бойдон калууда. Сапатсыз же ката даярдалган китептердин басылып чыгышы билим берүүнүн деңгээлине түздөн-түз терс таасирин тийгизет [4, с. 18].

4. Социалдык-укуктук кооптонуулар (аскер курагы маселеси): Учурдагы мыйзамдарга ылайык, Кыргызстанда жарандар 18 жашка толгондо аскердик милдетин өтөөгө чакырылат. 12 жылдык мектепте окуучулар 18 жашында гана мектепти бүтүрүшөт. Бул жагдай бүтүрүүчү эркек балдардын мектепти аяктаар замат, Жогорку окуу жайларына кирүүгө үлгүрбөстөн, аскердик чакырууга туш келүү тобокелдигин жаратат. Бул маселе Коргоо министрлиги жана Агартуу министрлиги тарабынан укуктук негизде так жөнгө салынышы керек [6, с. 47].

**Корутунду**

Кыргызстанда мектептик билим берүү моделин модернизациялоо, 11 жылдык түзүмдөн 12 жылдык билим берүү тутумуна өтүү маселесин илимий-педагогикалык талдоо төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга негиз берет:

1. 12 жылдык мектеп моделине өтүү – улуттук билим берүү тутумун ЮНЕСКОнун эл аралык стандарттарына (ISCED) шайкеш келтирүүнүн жана кыргызстандык бүтүрүүчүлөрдүн аттестаттарынын чет өлкөлөрдө түз таанылышын камсыз кылуунун негизги укуктук жана методологиялык шарты болуп саналат. 11 жылдык советтик түзүмдөн баш тартуу тарыхый зарылчылык болуп саналат.

2. Жаңы модель кургак фактыларды жаттоодон компетенттүүлүк мамилеге өтүүгө, STEM предметтерин тереңдетүүгө жана жогорку класстарды профилдештирүүгө мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Бул окуучуларга келечектеги кесибин туура тандап, эмгек рыногуна эрте ыңгайлашууга шарт түзөт.

3. Ошентсе да, реформаны практикада ишке ашырууда окуу орундарынын жетишсиздиги, мугалимдердин 6 жашар балдардын курактык психологиясы менен иштөөгө методикалык даярсыздыгы жана жаңы муундагы сапаттуу окуу китептеринин тартыштыгы, ошондой эле аскердик чакыруу курагы сыяктуу курч системалык тобокелдиктер орун алууда.

4. Реформанын ийгилиги шашылыш административдик чечимдерге эмес, ар бир кадамдын илимий-педагогикалык жактан терең иштелип чыгышынан көз каранды. Мугалимдерди сапаттуу кайра даярдоого жана материалдык-техникалык базаны алдын ала даярдоону талап кылууда. Бул реформаны алгач пилоттук (эксперименталдык) мектептердин тажрыйбасында колдонуп, этап-этабы менен киргизүү туура болмок.

**Адабияттар**

1. Асипова Н. А. Развитие общего образования в Кыргызстане: тенденции и перспективы. – Бишкек: КРСУ, 2004. – 198 с.
2. Валькова Т. М., Ибрагимова И. А. Внедрение независимого восстановления / тестирования в Кыргызстане: итоги первых лет (2002–2005 гг.) // Вестник КРСУ. – 2006. – Том 6, № 2. – С. 44–48.
3. Каниметов А. К. Развитие народного образования в Киргизии за годы Советской власти. – Фрунзе: Мектеп, 1972. – 245 с.

4. Концепция перехода на 12-летнее общее среднее образование в Кыргызской Республике // Министерство образования и науки КР. – Бишкек, 2024. – 24 с.
5. Мамбетакунов Э.М. Таалим-тарбия процесси: теория, технология, практика. – Бишкек: «Текник» басма борбору, 2017. – 269 б.
6. Мамбетакунов У. Э. Теоретические и практические аспекты модернизации школьного образования в Кыргызстане // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – 2025. – № 1. – С. 42–47.
7. Народное образование в СССР / Под ред. М. А. Прокофьева и др. – Москва: Просвещение, 1967. // Историческая справка: Народное образование в Киргизской ССР. – URL: foto.kg
8. Сулайманова С. А. Становление и развитие системы семилетнего и восьмилетнего обязательного обучения в Киргизии (1940-1960-е гг.) // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – 2012. – Специальный выпуск. – С. 44–49.
9. Токтосунов А. А. Информатизация системы образования Кыргызстана: опыт и проблемы цифровизации школы // Илимий изилдөөлөр журналы (КББА / КАО). – 2021. – № 1 (31). – С. 56–67.
10. Асанбекова, Д. Ж. Социальная среда как фактор формирования гражданской ответственности младших школьников в условиях перехода на двенадцатилетнее образование / Д. Ж. Асанбекова, А. М. Батралиева // Вестник Ошского государственного университета. – 2026. – № 1. – С. 160-177. – DOI 10.52754/16948610_2026_1_11. – EDN MWSUKG.
11. Марзабаева, Б. Т. Сотрудничество Кыргызской Республики и Европейского Союза в области образования / Б. Т. Марзабаева, А. Маматова // Открытый журнал евразийских исследований. – 2025. – № 4. – С. 30-38. – DOI 10.65469/eijournal.2025.4.3. – EDN PDDZXT.

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2026, №4, cc. 88-96
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.4.10
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 37.014.3(575.2)

# Модель 12-летней школы в Кыргызстане: научные основы, возможности и риски

**Самарбекова Мээрим Жаныбековна**
*магистрант, Ошский государственный университет, Кыргызстан, merisamarbekova@gmail.com*

**Аннотация**

В данной научной статье анализируются современные вопросы модернизации модели школьного образования в Кыргызской Республике, в частности, процесс перехода от традиционной 11-летней структуры к модели 12-летнего образования, соответствующей международным стандартам. В статье исследуются историко-педагогические предпосылки, нормативно-правовая база и научные основы данной реформы. Наряду с возможностями, предлагаемыми новой системой в контексте компетентностного подхода, STEM-направления и международной интеграции, беспристрастно и на научной основе оцениваются такие системные риски, как инфраструктурный дефицит, кадровая неготовность и общественно-социальные опасения. По результатам исследования разработаны научно-педагогические рекомендации, направленные на обеспечение качества реформы.

**Ключевые слова:** реформа школы, 12-летнее образование, компетентностный подход, STEM, ISCED, педагогические риски

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2026, no. 4, pp. 88-96
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.4.10
eijournal.ilimbilim.kg

ПЕДАГОГИКА / PEDAGOGY
УДК 37.014.3(575.2)

# The 12-Year School Model in Kyrgyzstan: Scientific Foundations, Opportunities, and Risks

**Meerim Zhanybekovna Samarbekova**
*Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan*, *merisamarbekova@gmail.com*

**Abstract**

This scientific article analyzes the contemporary issues of modernizing the school education model in the Kyrgyz Republic, specifically the transition process from the traditional 11-year structure to the 12-year education model that aligns with international standards. The article explores the historical-pedagogical background, regulatory legal framework, and scientific foundations of this reform. Along with the opportunities offered by the new system in terms of the competency-based approach, STEM education, and international integration, systemic risks such as infrastructural shortages, lack of teacher readiness, and socio-public anxieties are objectively evaluated on a scientific basis. Based on the research findings, scientific and pedagogical recommendations aimed at ensuring the quality of the reform have been developed.

**Keywords:** school reform, 12-year education, competency-based approach, STEM, ъ ISCED, pedagogical risks